КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫ
ТАЛАС ОБЛАСТЫ
ТАЛАС ШААРДЫК КЕҢЕШИ

КЫРГЫЗСКАЯ РЕСПУБЛИКА
ТАЛАССКАЯ ОБЛАСТЬ
ТАЛАССКИЙ ГОРОДСКОЙ КЕНЕШ

Shaar.kenesh@gmail.com

Shaar.kenesh@gmail.com

Талас шаардык кеңешинин IX чакырылыштагы кезектеги XV сессиясынын №117/15-9 ТОКТОМУ

12-июнь, 2026-жыл **Талас шаары**

Талас шаарынын Ж.Тагайбаев көчөсү №387 дарегинде жайгашкан жалпы 2016,0 чарчы метр жер тилкесин Ж-2 аймагынан Ц-1 аймагына которууга макулдук жөнүндө

Кыргыз Республикасынын "Жергиликтүү мамлекеттик администрация жана жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдары жөнүндө" мыйзамынын 34-беренеси, Кыргыз Республикасынын Жер кодексинин 2, 21-беренелерине ылайык, Талас шаарынын мэриясынын 2026-жылдын 22-апрелиндеги №01-19/1558 чыгыш сандуу катынын негизинде, Талас шаардык кеңешинин "Өнөр жай, коммуналдык чарба, транспорт, курулуш, ишкерликти өнүктүрүү, электр жана байланыш иштери боюнча" туруктуу комиссиясынын корутундусун карап, талкуулап чыгып, Талас шаардык кеңешинин сессиясы

ТОКТОМ КЫЛАТ:

1. Талас шаарынын Ж.Тагайбаев көчөсү №387 дарегинде жайгашкан жалпы 2016,0 чарчы метр жер тилкесин Ж-2 аймагынан Ц-1 аймагына которууга макулдук берилсин.
2. Кабыл алынган токтомду Талас шаарынын мэриясынын сайтына жайгаштыруу жана Кыргыз Республикасынын укуктук.ченемдик актылардын мамлекеттик реестринен каттоодон өткөрүүнү көзөмөлдөө Талас шаардык кеңешинин жооптуу катчысына (Сариева А.Ж.) милдеттендирилсин.
3. Токтомдун аткарылышына көзөмөлдүк кылуу Талас шаардык кеңешинин "Өнөр жай, коммуналдык чарба, транспорт, курулуш, ишкерликти өнүктүрүү, электр жана байланыш иштери боюнча" туруктуу комиссиясынын төрагасына (Турсалиев У.К.) тапшырылсын.

Төрага **К. Джаныбеков**